

**Уруксат берүүчү документтердин бирдиктүү электрондук системасы (мындан ары – Реестр) –** бул уруксат берүүчү документтерди алуунун укуктук, жол-жоболук жана финансылык аспектилери жөнүндө толук маалыматты берүүчү жалпыга жеткиликтүү маалыматтар базасы (ар бир уруксат берүүчү документ жөнүндө жалпы маалымат, ыйгарым укуктуу органдын жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн байланыш маалыматтары, уруксат берүү процесстеринин укуктук негиздери, акы төлөөнүн наркы жана тартиби, керектүү документтер жана алардын шаблондору, берүү формасы, уруксат алуу процесси ж.б.)



Бул Реестрди колдонуу мамлекеттик органдар менен ишкерлердин ортосундагы байланышты кыйла кыскартат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЛИЦЕНЗИЯЛАР ЖАНА УРУКСАТ БЕРҮҮЧҮ ДОКУМЕНТТЕР МААЛЫМАТТЫК ПОРТАЛЫ

**www.elicense.gov.kg**

**Реестрди иштеп чыгуу жана илгерилетүү Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланган Кыргыз Республикасында инвестицияларга көмөктөшүү жана өстүрүү IFC долбоору тарабынан колдоого алынат.**

**Өнөктөштөр:**

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

IFC International Finance Corporation
WORLD BANK GROUP

*Creating Markets, Creating Opportunities*

# МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ ТАРАБЫНАН БЕРИЛҮҮЧҮ ИШКЕРДИК ИШМЕРДИКТИ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ ҮЧҮН ЗАРЫЛ БОЛГОН УРУКСАТ БЕРҮҮЧҮ ДОКУМЕНТТЕРДИН БИРДИКТҮҮ ЭЛЕКТРОНДУК РЕЕСТРИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТСЕГОДНЯШНИЙ ДЕНЬ В

JIA IFC Brochure.indd 5
12-Jun-23 3:46:47 PM

**Бүгүнкү күндө аталган Реестрде 400дөн ашык уруксат берүүчү документтер жөнүндө маалымат камтылган жана маалымат базасын толуктоо улантылууда**



Бул Реестр уруксат берүүчү документтер жөнүндө толук маалыматты камтыйт жана жеке жана юридикалык жактарга минималдуу мөөнөттө онлайн режиминде бизнес жүргүзүү үчүн максималдуу керектүү маалыматты алууга мүмкүндүк берет.



Реестр убакыттык коромжуларды кыскартуу, зарыл маалыматтарды алуу жана бардык кызыкдар жактар тарабынан ыңгайлуу пайдалануу максатында түзүлөт, ошондой эле ишкердик иш жүргүзүү үчүн зарыл болгон уруксат берүүчү документтер (маалымкаттар, корутундулар, лицензиялар, уруксаттар ж. б.) жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

**Лицензиялардын жана уруксат берүүчү документтердин бул порталын түзүүнүн максаты:**

- Ишкердик ишти жүзөгө ашыруу үчүн берилүүчү уруксат берүүчү документтердин/ административдик жол-жоболордун толук тизмесин түзүү;
- Зарыл маалыматтарды алуу үчүн убакыттык коромжуларды кыскартуу;
- Лицензияларды жана уруксаттарды берүүнүн автоматташтырылган системасы үчүн негиздерди түзүү

**Бул Реестрде төмөнкүлөр камтылган:**

- Кыргыз Республикасында берилүүчү лицензиялардын жана уруксат берүүчү документтердин реестри
- Маалыматтык бөлүк

Мамлекеттик органдар уркса т берүүчү документтер жөнүндө толук маалыматты киргизет жана аны дайыма жаңылап турат.

**Бүгүнкү күнгө чейин реестрди 20 000ден ашык колдонуучу колдонгон. Реестрге онлайн кирип, анын мүмкүнчүлүктөрүн изилдеңиз, алар уруксат алууга сиздердин убакытты жана чыгымдарыңызды үнөмдөйт.**





JIA IFC Brochure.indd 6
12-Jun-23 3:46:51 PM